Бекитемин:

Мектеп директору: Чотуралиев И.А.

# Үй тапшырмасын көлөмү жана түрлөрү жөнүндо жобо

**1.Жалпы жобо**

1.1. Сабактан кийин окуучуларга оз алдынча аткаруу үчүн берилген үй тапшырмасы. Бул мугалимдин түздөн-түз көрсөтмөсү жана жардамысыз өз алдынча аткаруу үчүн берилген окуу иши. Мугалимге сабакта максималдуу жүктөм менен үй тапшырмасыз окуу процессии жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

1.2.Бул регламент Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан бекитилген жалпы билим берүү жөнөндө типтүү жобонун негизинде түзүлгөн. 2013- жылдын 10-июнундагы No544,2014-ж. 17-сентябрындагы No535. "Кыргыз Республикасынын санитардык нормаларын бекитүү жөнүндө "КР нын башкы мамлекеттик санитардык доктурунун No189 токтомунун билим берүү мекемелеринде окутуунун шарттары жана уюштуруу жөнүндө.

1.3.Үй тапшырмасынын максаты билим берүү жана таанып билүү иш аракеттеринде өз алдынчалуулукту калыптандырат. Окуучуларды өзүн-өзү тарбиялоого, жоопкерчиликтүү болууга көндүрөт.

1.4. **Үй тапшырмасы**: Окуучулардын өздөштүрүүсүн өбөлгө түзүү;

өз алдынчалуулукка багытталган окуу иш-аракеттерине кызыгуусун өркүндөтүү

Билимди стандарттуу жана жаңы шарттарда колдонууга үйрөтүү

Жаңы окуу материалын өздөштүрүүгө даярдануу

Чыгармачыл иш-тажрыйбасын калыптандыруу

**2.Үй тапшырмасынын көлөмү.**

2.1 .Биринчи жарым жылдыкта 1-класстарга окутуу үй тапшырмасыз жүргүзүлөт, ал эми экинчи жарымында 1 сааттан ашык эмес уруксат берилет.

Башталгыч класстардын окуучуларына дем-алуу күндөрүнө, калган бардык окуучуларга эс алуу каникулдарына тараганда тапшырмалар берилбейт.

2.2. Үй тапшырмасы башталгыч класстын окуучуларына төмөнкү чектөөлөрдү эске алуу менен берилет:

1-класстарга(жылдын экинчи жарымында) 1 саатка чейин;

2-класстарга 1.5 саатка чейин;

3-4-кластарга 2 саатка чейин.

Ал эми 5-9-класстарга: 5-6-класстарга 2.5 саатка чейин;

7-8-класстарга 3 саатка чейин;

9-класстан жогорку класстарга 3,4 саатка чейин

**3. Үй тапшырмасына жалпы талаптар:**

3.1. Үй тапшырмаларын уюштурууда төмөнкү талаптарды аткаруу керек.
тапшырма окуучулардын баарына түшүнүктүү болушу керек;

тапшырмадагы суроолор окуучу өз алдынча жооп бере алуусуна мумкун болгон мүнөздө болушу керек;

тапшырма туура көрсөтүлүшү керек.

**4.Үй тапшырманын негизги түрлөрү.**

4.1. Үй тапшырмасынын негизги түрлөрү болуп төмөнкүлөр саналат:

Жеке окуу үй ташырмасы-класстагы айрым окуучуларга берилет.

Мындай иштерди карточкалардын же атайын колдонууга басылган дептерлердин жардамы менен жасоо болот. Топтук үй тапшырмасы-окуучулар жалпы класстык тапшырманын бир бөлүгү болгон тапшырман аткарышат. Дифференциалаштырылган үй тапшырмасы-ар кандай деңгээлдеги кыйынчылыктарга ылайыкталган жумуш. Жалпы класс учун үй тапшырмасынын эң кеңири тараган туру болуп, ар кандай жөндөмдөр менен машыгып,көндүмдөрүн өрчүтүү саналат

**5. Үй тапшырмасын текшеруу жана баалоо формалары.**

5.1.Фронталдык текшеруу; жазуу жүзүндө же оозеки суроо, тестирлөө, үй тапшырмасы менен дептерди текшерүү.

5.2.Диференциалдаштырылган; ар кандай мүнөздөгү жана деңгээлдеги татаалдыгына жараша тесттик тапшырмаларды колдонуу.

5.3. өзүн-өзү текшерүү жана өз ара текшерү. Окуучуларды тарбиялуу мүнөзгө ээ кылат,ошондой эле окуучулардын жоопкерчилигин жогорулатат жана алардын адекваттуу өзүн-өзү баалоосун калыптандырууга өбөлгө түзөт. Үй тапшырмасын аткаруу белгиси мугалимдин сабагынын дидактикалык максаттарына ылайык коюлат.

**6. Кунумдук билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуучу, окуучулардын билимин терендетүүгө жана бекемдөөгө өбөлгө түзүүчү дидактикалык ыкмалар.**

6.1.Үй тапшырмасынын натыйжалуулугун жогорулатуучу, окуучулардын билимин терендетүү жана бекемдөөгө өбөлгө түзүүчү дидактикалык ыкмалар төмөнкүлөрдө камтыйт:

Жаны материалдар боюнча окуу ишинин жүрүшүндө окуучулардын кеңүлүн үй тапшырмас ийгиликтүү аткаруунун өбөлгөсү боло турган суроолорго буруу шарт.

* Үй тапшырмасынын репродуктивдик иш-аракеттер менен гана чектебестен, окуучулардан ой жүгүтүүнү жана чыгармачылык менен иштөөнү талап кылган суроолорду жана жоболорду камтуу керек.

Мүмкүн болсо, үй тапшырмасын айырмалоо, теманы тереңирээк изилдөөгө мүмкүнчүлүгү бар каалоочулар үчүн кошумча же жогорулаган кыйынчылыктарга байланыштуу (татаалыраак) тапшырмаларды берүү.

Окуучуларды активдүү болууга жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө көнүрүү.